УДК: 82(07)

*Осмонова А., магистрант, aiperi@mail.ru*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ, Кыргызстан*

## Т. КАСЫМБЕКОВДУН “АДАМ БОЛГУМ КЕЛЕТ” ПОВЕСТИН МЕКТЕПТЕРДЕ ЗАМАНБАП САЛТТУУ ЖАНА ИНТЕРАКТИВДҮҮ ОКУТУУ

*Макалада жазуучу Т. Касымбековдун “Адам болгум келет” повестин кыргыз мектептеринде 7-класста заманбап салттуу жана интерактивдүү методдор аркылуу окутуунун ыкмасы сунушталат. Макалада “Адам болгум келет” чыгармасына 7-класстын календарлык планында 4 саат бөлүнгөнү көрсөтүлүп, ал сааттар сабактарга бөлүштүрүлөт. Ошондой эле салттуу ыкманын жана интерактивдүү ыкманын инсерт, кластер сыяктуу усулдарын сабактын кайсы баскычында колдонууга боло тургандыгы, академик Кудряшев түзгөн адабиятты окутуунун методдорун текстти өздөштүрүүдө пайдалануунун артыкчылыктары белгиленет. Окуучулардын текст менен иштөөдөгү, чыгарманы бышыктоодогу, катышкан ар бир каармандын мүнөзүн түзүүдөгү индивидуалдуу артыкчылыктары көрсөтүлөт.*

***Өзөктүү сөздөр**: ыкма, адабият, салттуу ыкма, инсерт, кластер, каарман, мүнөз, сабак.*

*Осмонова А. магистрант, aiperi@mail.ru*
*ИГУ им. К. Тыныстанова, Кыргызстан*

## СОВРЕМЕННОЕ ТРАДИЦИОННОЕ И ИНТЕРАКТИВНОЕ ОБУЧЕНИЕ ПОВЕСТИ Т. КАСЫМБЕКОВА "ХОЧУ БЫТЬ ЧЕЛОВЕКОМ”

*Автор статьи предлагает способы обучения повести Т. Касымбекова “Хочу быть человеком” с использованием современных традиционных и интерактивных методов в 7 классе с кыргызском языком обучения. В статье отмечается, что в 7 м классе на произведение “Хочу быть человеком” в календарном плане отводится 4 часа и эти часы распределяются по классам. Также отмечается, что при освоении текста могут быть использованы методы традиционного и интерактивного подхода, такие, как инсерт, кластер на каждом этапе урока, методы преподавания литературы, разработанные академиком Кудряшовым. В работе учащихся с текстом и при формировании характера каждого персонажа, участвующего и оформлении произведения, устанавливаются их индивидуальные черты и особенности.*

***Ключевые слова:** метод, литература, традиционные методы, инсерт, кластер, персонаж, характер, урок.*

*Osmonova A., aiperi@mail.ru*
*Graduate student of ISU named*
*after K. Tynystanov, Kyrgyzstan*

## MODERN TRADITIONAL AND INTERACTIVE TEACHING OF T. KASYMBEKOV'S STORY "I WANT TO BE A MAN"

*The author of the article is a way of teaching in the 7th grade the stories taught in the Kyrgyz language by T. Kasymbekov “I want to be a man” using modern traditional and interactive methods. The article notes that in the 7th grade, 4 hours are allotted for the work “I want to be a man” in the calendar plan, and these hours are distributed by classes. It is also noted that when mastering the text, methods of the traditional and interactive approach can be used, such as insert, cluster, methods of teaching literature*

*compiled by Academician Kudryashov, at each stage of the lesson. When forming the character of each character involved in the work of students with the text and the design of the work, their individual features and characteristics are established.*

***Key words**: method, literature, traditional methods, insert, cluster, character, character, lesson.*

Кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал жазуучу Т. Касымбековдун “Адам болгум келет” повестине окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде 7-класстын кыргыз адабиятында 4 саат бөлүнгөн. Бул убакыт аралыгында жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгынан кабар берип, чыгарманын өзү менен таанышып үлгүрүү керек. Жазуучунун бул чыгармасына карата бөлүнгөн саат жетишерлик.

Чыгарма XX кылымдын 80-жылдарынан бери мектеп программасына киргизилип, окутулуп келе жатат. Ошентсе да Т. Касымбековдун “Адам болгум келет” повести боюнча адабий-теориялык жааттагы бирин-экин макалалар жазылганы менен, методикалык багытта илимий эмгектер жокко эсе. Андыктан биздин макалабыздын максаты мектептерде жаш өспүрүмдөрдү жазуучунун чыгармасы аркылуу келечегин туура тандоого, коом арасында өзүн алып жүрүүгө, өз оюн эркин билдирүүгө карата окутуу ыкмаларын иштеп чыгуу, ошондой эле чыгарманын негизги идея-тематикасынын талданышын, мугалимдер колдонуш үчүн сабактын үлгү болчу конспектилерин сунуштоодо турат.

Стандартка ылайык, кыргыз адабияты мектеп программасында үч этапка бөлүнүп окутулуп келе жатат. Биринчи этап – 5-7 класстар. Бул – адабияттык окуу. Окуучулар аталган этапта адабият теориясынан, адабий текстти окуу, тилдик каражаттар, чыгарманын жанрлары, алардын айырмасы, сюжет, троптор тууралуу биле баштайт. Ошондой эле адабияттык окууда чыгарманын тексти менен таанышуунун мааниси чоң жана терең. Адабиятты окутуунун биринчи этабында жазуучунун өмүрү-чыгармачылыгынан учкай эле маалымат берилет. Себеби аталган этапта башкы көңүл чыгарманын өзүнө бурулушу керек.

Т. Касымбековдун “Адам болгум келет” повестин сабак-сааттарга төмөндөгүдөй бөлүштүрүү туура:

1. Т. Касымбеков жана анын «Адам болгум келет» повести тууралуу кириш баяндама. Чыгарманын өзү менен алгач тааныштыруу – 1 саат.
2. Чыгарманы окуп, талдоо жумуштары –2 саат.
3. Чыгарманын сюжеттик-композициялык түзүлүшүн талдоо, каармандарды мүнөздөө – 1 саат.

Сабак жаңы тема, тактап айтканда, көркөм чыгарма менен тааныштырууга киришүү сабагы менен башталат. Киришүү сабагы көбүнчө жогорку класстар үчүн мүнөздүү. Ошондуктан «Адам болгум келет» повестине кириш баяндама жетиштүү болот. Кириш баяндаманын башкы максаты болуп окуучуларды жаңы өтүлө турган материалды түшүнүп кабылдоого эмоционалдык жана психологиялык жактан даярдоо саналат. Ушул жерден орустун белгилүү методист-окумуштуусу В. В. Голубковдун: «текстти туура түшүнүп кабылдоого мүмкүндүктүн жетишинче жагымдуу шарт түзүү керек» [2: 80] деген сөзүн келтирүү пикирибизди ынанымдуу кылат. Кириш баяндаманын көлөмү, негизинен, 3–5 мүнөттүн ичинде айтылып бүтөт. Негизги маселе өтүлө турган чыгарманын адабияттан алган ордуна, маанисине, жанрдык өзгөчөлүгүнө байланыштуу болот. «Адам болгум келет» повестин өтүүгө байланыштуу кириш баяндама төмөндөгүдөй тартипте түзүлөт:

1. Т. Касымбековдун «Адам болгум келет» повести жөнүндө учкай сөз,

чыгармада көтөрүлгөн негизги проблемалар.

2. Чыгарманын негизги идеясы, ошондой эле жазуучунун ким экендиги, анын кыргыз адабиятынан алган орду. Жазуучунун жарыкка чыккан башка чыгармалары сыяктуу материалдар 3-5 мүнөттүк убакытты камтыйт.

Бүгүнкү күндүн адабият сабагын заманбап талаптарга ылайык уюштуруу үчүн кириш-баяндаманы **чакыруу, ойлоп түшүнүү** жана **артка кайтуу баскычтары** аркылуу түзөбүз.

**Чакыруу баскычы** – кызыгуунун ойгонуусу.

Чакыруу баскычынын биринчи максаты – окуучулардын өтүлчү материалга карата кызыгууларынын аракетке келишине, билүүгө дилгирликтеринин жанданышына өбөлгө түзүү. Мында ишмердүүлүктүн бир нече маанилүү таанып-билүүчүлүк түрү жүзөгө ашырылат.

Чакыруу баскычынын экинчи максаты – окуучунун жаңы маалыматты түшүнүүгө аң-сезимдүү жана сын көз менен мамиле кылуусун, окуп-үйрөнүү процессине түздөн-түз катышуусун активдештирүү. Катышуу окуучу ойлорду жана идеяларды өз сөзү менен айтып берип, максаттуу ойлонууга жетишкенде гана активдүү болуп эсептелет.

**Ойлоп түшүнүү баскычы** – жаңы материалды үйрөнүү, өздөштүрүү.

Окуучу жаңы материалды окуп-үйрөнүү, өздөштүрүү ишине өз алдынчалык менен, жигердүү катышат. Адабият мугалиминин бул баскычтагы милдети – окуучуларга азыраак үйрөтүп, азыраак сүйлөө жана алардын өзүн өзү түшүнүүлөрүн жөнгө салуусуна көмөктөшүү менен, чакыруу баскычы учурунда түзүлгөн жигердүүлүктүн, кызыгуунун жана умтулуунун алдыга жүткүнүүсүн колдоого алуу.

**Артка кайтуу баскычы** – алынган маалыматтын үстүндө ой жүгүртүү, өтүлгөн материалды бекемдөө.

Окуучулар мында *жаңы алган билимдерди бекемдешет* жана өздөрүнүн мурдагы түшүнгөндөрүнө жаңы түшүнүктөрдү киргизүү үчүн мурункуну кийинкиге байланыштырып, аларды жигердүүлүк менен кайрадан түзүп чыгышат.

Жалпылап айтканда:

– **чакыруу баскычы** – жаңы темага карата кызыгуу ойгонот, окуучулар өздөрүнүн мурдагы билгендерин эске түшүрүшөт жана өтүлчү жаңы маалыматтын мазмунуна байланыштуу прогноздорду жасашат;

– **ойлоп түшүнүү баскычы** – чыгарманын тексти менен иштер жүргүзүлөт, жаңы окуу материалы үйрөнүлөт, окуучулар адабий туундуда (же презентациянын кайсы бир башка формасында) камтылган идеяларды жаңыча түшүнүүгө келүү үчүн аларды өздөрүнүн жекече идеялары менен жуурулуштурушат;

– **артка кайтуу баскычы** – окуучулар алынган маалыматтын үстүндө ой жүгүртүшөт, жаңы материалды бекемдөө, корутундулоонун негизинде аны мурдагы түшүнүктөрү менен байланыштырышат” [ 7: 10-13].

Кириш-баяндамада сабакта өтүлө турган «Адам болгум келет» повести алгач ирет 1960-жылы жарык көргөнүн айтуу менен бирге, чыгарма Т. Касымбековдун жеке чыгармачылыгындагы, ошондой эле кыргыз прозасындагы жалпы повесть жанрын өнүктүрүү жаатындагы орчундуу саамалык экенин, мектепти жаңы бүткөн баланын элесин чагылдырууда жогорку кызмат өтөгөн көркөм туунду экенин билдирүү керек. Чыгармада жогорку окуу жайга өтпөй калып, өз айылына келген Асылбек аттуу жаш жигиттин жашоодон өз ордун табууга аракет кылган ар кандай түйшүктөрү ачылып берилген. Чыгарманын

башкы каарман Асылбектин активдик ишинен такыр бошоп, турмуштун чыныгы жолуна чечкиндүүлүк менен кадам таштаганын көрөбүз. Ал атасынын көп тарыхы бар «сомкесин» сууга ыргытып, эски, жат болгон түшүнүктөрдөн биротоло кол үзөт.

Баарыбызга маалым болгондой, Т. Касымбековдун «Адам болгум келет» чыгармасынын башкы идеясын жаш адамдын турмуштан өз жолун таап, өз позициясын аныктоо маселеси түзөт. Бул чыгарма алгачкы жарыкка чыккан жылдары кандай актуалдуу болсо, азыр да андан кем эмес орунда турат. Анткени азыркы турмуш-шартта кандай болсо да жогорку окуу жайына өтүү, билим алуу керек деген идеяны кээ бир ата-энелер тар мааниде түшүнүп алышып, бүтүрүүчүлөрдү өз ыктыяры менен эмес, зордоп, күч менен окууга жөнөтүшкөнү, кай бир учурда жаш адамдын тагдырына, өз жолун табышына жолтоо болуп жатышканы жашыруун эмес.

Кыргыз адабияты сабагында мугалимдин жазуучу Т. Касымбеков жана анын «Адам болгум келет» чыгармасына кириш баянында интерактивдүү чакыруу баскычы мына ушул сыяктуу маалыматтарды камтыйт.

Жогоруда макалабыздын башында чыгарманы талдоо жумуштарына 2 саат бөлгөнбүз. Бул сабакта салттуу ыкмаларды, тактап айтсак, академик Кудряшев [5] иштеп чыккан салттуу ыкманын 4 негизги методун: 1) чыгармачылык окуу усулун; 2) эвристикалык усулду; 3) изилдөө усулун; 4) репродуктивдүү усулду көркөм чыгарманы окуп-үйрөнүүнүн баштапкы этабында, ортосунда жана аягында пайдаланабыз. Аларды чыгарманын текстин кыраатын келтирип көркөм окуу, жаттоо, комментарийлөө, үйдөн өз алдынча чыгарманы толук окуу, ролдоштуруп окуу жана чыгарманы терең талдоодо максаттуу пайдалансак болот.

Повесть көлөмдүү, 123 бетти камтыйт. Демек, мугалимдин негизги максаты эки саатта, башкача айтканда, эки сабакта анын урунтуу эпизоддорун окуучулардын терең өздөштүрүүсүнө жетишүү болуп саналат. Андыктан тексттен чыгарманын идеялык маңызын, коомдук маанисин, каармандардын кулк-мүнөздөрүн ачып бере турган үзүндүлөр тандалып алынып, окуп талдоо иштери ушул ыкмалар аркылуу жүргүзүлөт.

«Адам болгум келет» повестин өтүүдө комментарийлеп окуунун мурдагыдай бир жактуу эмес, эки жактуу, башкача айтканда, окуучулар тарабынан да жүргүзүлүшү жакшы натыйжа берет. Тексттен үзүндүнү окуучулардын бири үнүн бийик чыгарып көркөм окуйт да, ага мугалимдин үлгүсүнө салып комментарий берет. Кемчил жактары окулган материал боюнча классташ курбуларынын, мугалим-устатынын берген суроолору, ага берилген жооптор аркылуу толукталат. Комментарийлеп окууну мындай жол менен алып баруу балдардын өз алдынчалыкка көнүгүшүнө, окулган текст боюнча өз жеке пикирин иштеп чыгуу көндүмдөрүнүн калыптанышына өбөлгө түзөт. Бул абдан маанилүү. Себеби ортоңку класстарда текст менен жүргүзүлчү иштердин, аны ар тараптуу талдоо жумуштарынын негизги бөлүгү комментарийлеп окуу процессинде жүзөгө ашырылат.

Текст окулуп, окуучулар мугалим менен биргеликте талдап бүткөн соң, чыгарма боюнча өтүлгөн материалдарды кайталап, бышыктап бекемдөө иштери жүргүзүлөт. Мындай максаттарды ишке ашырыш үчүн тексттин негизинде атайын суроо-тапшырмалар даярдалат:

1. Т. Касымбеков «Адам болгум келет» повести аркылуу эмнени айткысы келген?
2. Жазуучу кандай проблемаларды козгойт?

3. Асылбектин окууга өтпөй калганын атасы кандай кабыл алды? Эмне үчүн ал буга абдан катуу кейийт?

4. Асылбектин атасы менен болгон алгачкы кагылышы тууралуу айтып бергиле. Эмне үчүн Асылбек атасына тил кайрып, сөзүн укпайт?

5. Асылбек эмне үчүн сомкени сууга ыргытты?

6. Сомкенин мааниси, маңызы тууралуу эмнени айта аласыңар? ж. б.у. с.

Ошондой эле чыгарманын текстин бышыктап жыйынтыктоо үчүн интерактивдүү методдун инсерт ыкмасын колдонсо болот. Бул ыкма окуучуларга алган билимдерин, түшүнүктөрүн тереңдетип, туя билүү жана алган билимдерин эске түшүрүү үчүн колдонулат.

Окуучуларга өтүлгөн тема боюнча тапшырма берилет жана алар окуу материалынын негизинде үч-беш мүнөттүн ичинде билген же билем деп эсептеген нерселердин бардыгын өз алдынча жазып чыгышат. Жазгандарынын туура же туура эместиги анчалык мааниге ээ эмес.

3-Сабак. «Адам болгум келет» повестинин сюжеттик-композициялык түзүлүшүн талдоого жана каармандардын мүнөзүн түзүүгө арналат. Бул чыгарманы окутууда композициялык талдоо элементтерин көз жаздымда калтырбоо керек. Бирок мугалим 7-класста композициянын бардык элементтерин таптыруу максат эмес экенин билүүсү шарт. Мында композициянын негизгиси катары эсептелген сюжет жана анын каражаттары гана аныкталганы туура. Андыктан сюжеттин каражаттары: экспозиция же окуянын башталышы, окуянын чиелениши, өнүгүшү, өсүп жеткен чеги же кульминация жана чечилиши тексттен мисалдар аркылуу белгиленет. Талдоого киришерден мурда сюжет жана анын элементтери тууарасында чакан маалымат берилип, мисалдар аркылуу көрсөтүлөт. Андан соң окуучулар менен бирдикте «Адам болгум келет» повестиндеги сюжеттин элементтери аныкталып, талдоого киришет. Повестте сюжеттин элементтеринин орун алыш тартиби төмөнкүдөй:

– Асылбектин Мыкты менен Фрунзеде окууга тапшырып жүрүшү – окуянын башталышы;

– Асылбектин окуудан кулап калышы – окуянын чиелениши;

– Чаңгылдын уулуна жумуш издегени, Асылбектин колоктоп айылда бекер басып калышы, мунжу Базылга, курбусу Чотурга тез-тез жолукканынан ойлонуп башташы, акырындап элге аралашканы, прицепте жардамчы болуп, кышында тери жыйноочу болуп иштегени – окуянын өнүгүшү;

– эки өтүктүк конч үчүн болгон кагылышуу, Асылбектин ишинен бошонуп, Шамалды-Сай ГЭСине иштеп кетүү чечимине келүүсү – окуянын өсүп жеткен чеги;

– Асылбектин тери жыйноочу жумушунан кол үзүп, үйүнө кайтып келатышы – окуянын чечилиши

Эми повесттеги персонаждар жайындагы маселе. Мына ушунда мектептин ортоңку класстарында кейипкерлерге мүнөздөмө берүүнүн методологиялык жагына токтоло кетүү зарылдыгы туулуп отурат.

Чыгарманы окуудагы жана талдоодогу акыркы жумуш болуп катышкан ар бир каармандын мүнөзүн түзүү саналат. Бул маселеде окумуштуу Н. О. Корст: “Эреже катарында, сегиз жылдыкта, айрыкча, 5-7 класста көркөм чыгармаларды талдоо иши каармандарга мүнөздөмө түзүү ишинен башталат”, - деп айтканы [4: 91] көркөм чыгармаларда каармандарга мүнөздөмө түзүүгө көңүл буруларынан кабар берет. Андыктан чыгармада катышкан ар бир каарманга, алардын өзгөчөлүктөрүнө, портреттик артыкчылыктарына токтолуу абзел.

Чыгармадагы каармандардын мүнөзүн түзүүдө интерактивдүү методдун кластер ыкмасы аркылуу окуучулардын ой жүгүртүүлөрүн тереңдете алабыз. Кластер

ыкмасынын жардамы менен каармандардын мүнөздөрү түзүлүп, алардын чыгармадагы орду, артыкчылыктары такталат.

Жыйынтыктап айтсак, Т. Касымбековдун “Адам болгум келет” повестин билим берүү кыргыз тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 7-классында заманбап салттуу жана интерактивдүү ыкмалар аркылуу окутуунун үлгүсү сунушталды. Бул ыкмалар окуучулардын адабият сабагына болгон кызыгуусун арттырууда өз салымын кошот.

**Адабияттар:**

1. Алымов Б., Муратов А. Кыргыз адабияты : VII класс үчүн окуу китеби. - Бишкек: Мектеп, 1992.
2. Голубков В. В. Методика преподавания литературы. - М., 1962.
3. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. - Фрунзе: Мектеп, 1976.
4. Корст Н. О. Очерки по методике анализа художественных произведений. - Москва: Учпедгиз, 1963.
5. Кудряшев Н. И. Методы обучения литературе. В кн.: Методика преподавания литературы (под. ред. З. Я. Рез). – М.: Просвещение, 1985.
6. Кыргыз адабиятынын программасы: Жалпы билим берүүчү мектептердин V–XI класстары үчүн. - Бишкек: Педагогика, 2000.
7. Оторбаев Б. К. Адабиятты мектепте интерактивдүү окутуу. -Бишкек, 2011. -10-13-бб.